# Бектемир жана Эмен жалбырагы



Автор: Наргиса Карасартова

Сүрөтчү: Алёна Дин

Которгон жана адаптациялаган: Сулайман Рысбаев

# Бектемир жана Эмен жалбырагы

Автор: Наргиса Карасартова
Сүрөтчү: Алёна Дин
Которгон жана адаптациялаган: Сулайман Рысбаев

Кыргыз тилинде
Бишкек-2022

Copyright © 2022, Бул чыгарма Creative Commons Attribution 4.0 Эл аралык лицензиясы
(https://creativecommons.org/licenses/by/4.0/) боюнча лицензияланган

http://creativecommons.org/licenses/by/4.0/
Бул ишти коммерциялык максаттарда колдоно аласыз. Бул чыгарманы адаптациялап, толуктай аласыз. Авторлордун, иллюстраторлордун ж.б. автордук укугун жана өздүк маалыматтарын сакташыңыз керек.

"Бектемир жана Эмен жалбырагы" (кыргыз тилинде), автор Наргиса Карасартова, сүрөтчү Алёна Дин, Сулайман Рысбаев тарабынан которулуп адаптацияланган.

*Бектемир и Дубовый лист*, Copyright © 2021, Эта работа лицензирована по международной лицензии Creative Commons Attribution 4.0.
(https://creativecommons.org/licenses/by/4.0/) түп нускасынан ылайыкташтырылган. CC BY 4.0 лицензиясы негизинде лицензияланган.


Бул басылма АКШнын эл аралык өнүктүрүү боюнча агенттиги (USAID) аркылуу көрсөтүлгөн Америка элинин колдоосу менен түзүлдү. Басылманын мазмуну USAIDдин же АКШ Өкмөтүнүн пикирин милдеттүү түрдө чагылдырбайт.

Created with Bloom

Бектемир терезенин түбүнө жакын өскөн эмен дарагын карап отурганды жактырат. Дайыма түрдүү жалбырактарды тартканда, сонун сүрөттөр пайда болот. Бүгүн дагы терезени ачканда, бир эмен жалбырагы аны менен сүйлөшкүсү келди.

– Салам, Бектемир! Атыңды билгениме таң калып жатасыңбы? Мен сенин кошунаңмын, дайыма капалуу жүргөнүңдү байкап жүрөм… – деди Эмен жалбырагы.

– Дайыма жалбырактар шамалга ыргалып, кыймылдаганына көз салып жүрөм. Көрсө, силер да мени байкап жүргөн турбайсыңарбы?




– Мойнума алам, мен көптөн бери сени менен таанышкым келчү.

– Жалбырактар да мени менен сүйлөшүүнү каалайт деп ойлогон эмесмин.

– Мен көптөн бери сени менен сүйлөшкүм келчү. Айтчы, сен баарынан эмнени билгиң келет?

– Башка балдар-кыздардай болуп, көчөдө секирип, чуркап ойногонду жактырам. Арабада отура берип тажадым.



Жалбырак ойлонду да, Бектемирдин көңүлүн ачкысы келди.

– Мен сага өзүм тууралуу айтып берейин.

– Сенин жашооң кызыктуубу?

– Азыр билесиң. Үй-бүлөм абдан чоң, бир эле бутакта көптөгөн ага-инилерим жана эже-карындаштарым бар. Сүйлөөк жана шуулдак, унчукпас жана коркок, шамал менен ойноогон жана андан качкан түрдүү жалбырактар бар. Биз, балким, жүз миң деген жалбырактар болушубуз мүмкүн.

Май түндөрү, биз бири-бирибизге шыбырашып жомок айтып беребиз. Ал тургай, жүзүбүздү күнгө кактап жылытканды жактырабыз. Жүзүбүз дегеним – ал биздин жазы капталыбыз да. Эми өзүң жөнүндө айтып берчи.



– Мен мурдаоручу эмесмин, бирок эки жылдан бери  муундарым ооруп калды. Ата-энем врачтарга алып бара баштады. Ооруканада көп жаттым, далай дары ичтим, жардам берген жок. Башында аксап жүрдүм, анан арабага отуруп калдым. Мен чуркачумун, секирчүмүн. Футбол ойногонду үйрөнүп жаткам.

– Кайгырба, – деди көңүлүн көтөргүсү келип Эмен жалбырагы, – сен мектепте окуйсуң да?

– Ооба, окуйм. Боорукер мугалимдер окутушат, танаписте классташтарым менен сүйлөшөм. Алар мага абдан жакшы мамиле жасашат, эмне болсо жардам беришет. Биздин класс – абдан ынтымактуу. Болгону, мурдагыдай ойной албай калдым… – деди бала ыйлагысы келип.




Эмен жалбырагы аңгемесин башка темага бурду:

– Бектемир, сен билесиңби, эмен багынын уругу кантип пайда болот? Эменди карасаң, бутак менен жалбырактан башка эмнени көрүп турасың?

– Ичке сөйкөдөй болуп салаңдап турган чачы гүлдү көрүп турам.

– Чачы гүлдөр – эркек гүлдөр, ал таң калыштуу деле эмес. Ургаачы гүлдөр – үстү кызыл майда жашыл дан сыяктуу. Көрдүңбү, ичке сабактарда жармашып турат. Күзүндө алардан урук өсүп чыгат.



– Мен ошол уруктардан ар түрдүү оюнчуктарды жасайм. Сүрөт тартканды жакшы көрөм. Чоңойгондо сүрөтчү боломбу, ким билет… Мурда футболист болгум келчү, – деди да, Бектемир улутунуп койду.

– Бирок сен спорттук баяндамачы боло аласың.

– Ооба, бул тууралуу ойлонбоптурмун…

– Менин эки максатым бар, – деп оюн бөлүштү Жалбырак. – Анын бирөө аткарылды, сени менен тааныштым. Экинчиси: мен бутагымдан бөлүнүп, көпөлөк же чымчыктай болуп, көкөлөп учкум келет.



Бөлмөгө Бектемирдин апасы кирип келди:

– Бөлмөдө эч ким жок болсо да, мага бирөө менен сүйлөшүп жаткандай угулду.

– Бир тамашакөй Эмен жалбырагы менен сүйлөшүп жаткам, деп бала жылмая карап, жооп берди.

– Ал сенин маанайыңды көтөрүп койгонун байкадым.

– Ооба, элестетсеңиз, ал мага эмен уругу кантип пайда болорун, өзүнүн максаты бар экенин айтты. Менин да максаттарымды сурады.

– Макул, кыялкеч, жүрү тамак ичели. Даамдуу манты бышырып койдум.




Түшкү тамактан кийин, Бектемир короого чыкты.

Ал Эменге барып, андагы жаңы досунун кайсы бутакта илинип турганын көргүсү келди. Мына, анын бөлмөсүнүн тушундагы ылдыйкы бутак. Ал сүйлөгөн жалбырак кайда?!

– Бектемир, мен мындамын! – деп кыйкырды Эмен жалбырагы, – сезип жатасыңбы, шамал катуулай баштады. Аба ырайы бузулуп жатат.

– Шамалды, жамгырды абдан жакшы көрөм!


– Мен дагы! Мына, карап тур. Азыр мен шамалды карай дилдиреп турам. Бутакка катуу бекип турам! Бошонуш үчүн, дагы бир аз аракет кылышым керек!



– Эмне кылып жатасың? Андай кылба! – деп бутактагы башка жалбырактар кыйкыра башташты.

Бирок, жалбырак эч кимди уккусу келген жок. Ал бутактан үзүлдүда, асманга учуп чыкты.


– Бектемир, карачы! Мен учтум! Каалоом аткарылды!



Эмен жалбырагы, абада ойноп, бирде оюнчуктай чимирилип, бирде жазы жүзү көрүнүп, учуп жүрдү. Шамалга термелип, кубана бийлеп жатты .

Бала жаңы досунун учуп жүргөнүнө кубанды. Ал тургай, буттарын кыймылдатып көрдү. Ооба, буттары бир аз кыймылга келип калыптыр.

– Эми күн сайын бутума көнүгүү жасай баштайм. Эгер дайыма көнүгүүнү  жасап турсам, бутуңа сөзсүз турасың деп атам айтпады беле!



Ошол кезде апасы Бектемирди карап короого чыккан эле.

– Шамал башталды. Үйгө тез кир. Азыр нөшөрлөп жамгыр жаайт..

– Апа, токтой турсаңыз! Караңызчы, эмен жалбырагы кандай сонун учуп жүрөт!


– Кана? Тээтигиби? Ооба, чын эле, жыргап учуп жүрөт!

– Көрүп жатасызбы, апа!

– Ооба, ал экөөбүзгө колун булгалап жаткансыйт. Аябай бактылуу окшойт!

– Апа, мындан ары көп капа болбойм. Ойнойм, окуйм, ырдайм, сүрөт тартам, дагы көп нерсени жасай алам! Эгер кааласам, футбол баяндамачы же сүрөтчү болом! Демек, мен абдан бактылуумун! Ура!


– Сага канча айтчу элем, ишенчү эмессиң!



Кийинки күнү Бектемир Эмен жалбырагын көрө алган жок.

– Ыракмат, сага, досум! Сен мага көп нерсени үйрөттүң. Эмнеге капаланышым керек. Көнүгүүлөрдү жасайм.

Оо, буттарым акырындап кыймылдай баштады! Врач белекке берген, атайын көнүгүүлөр бар китебим кайда болду экен?



АМЕРИКАНЫН ЭЛИНЕН

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ МИНИСТРЛИГИ

Автор: Наргиса Карасартова
Сүрөтчү: Алёна Дин
Которгон жана адаптациялаган:
Сулайман Рысбаев

USAID "Окуу керемет!" долбоору
Кыргыз Республикасы

1-класс
- 1.1 деңгээли
- 1.2 деңгээли
- 1.3 деңгээли

2-класс
- 2.1 деңгээли
- 2.2 деңгээли

3-класс
- 3.1 деңгээли
- 3.2 деңгээли

4-класс
- 4.1 деңгээли
- 4.2 деңгээли